«БЕКИТЕМИН»

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук илимдер академиясынын**
**А. Алтмышбаев атындагы**
**философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун**
**мүдүрүнүн м.а., ф.и.д., профессор**
**_____________Саралаев Н. К.**
**«16» 10 ____________2019 г.**

Шыгаев Арсен Асановичтин 12.00.06 – жаратылыш-ресурс укугу; агрардык укук; экологиялык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга берилген «Кыргыз Республикасында айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алууну укуктук жөнгө салуу» деген темадагы диссертациялык ишине жетектөөчү уюм Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн

## ПИКИРИ

### 1. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу

Калкты ата-мекендик өндүрүштүн сапаттуу, коопсуз азык-түлүгү менен камсыз кылуу милдети кандай гана болбосун мамлекеттин алдында турат. Мамлекеттин жигердүү кийлигишүүсү болбосо, бул көйгөйдү талаптагыдай чечүү мүмкүн эмес.

Диссертациялык изилдөөнүн темасын тандоо, баарынан мурда, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү – бул мамлекеттин агрардык саясатынын эң маанилүү багыты экени менен шартталган. Мында айыл чарбачылыгына мамлекеттик колдоо көрсөтүү тармакта топтолгон өндүрүштүк, финансылык, социалдык көйгөйлөрдүн басымдуу көпчүлүгүн ийгиликтүү чечүүнүн жалпы экономикалык өбөлгөсү гана болбостон, ошондой эле жакырчылыкты кыскартуунун, элеттик жашоо ыңгайын жана маданиятын сактоонун, өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун арттыруунун дагы бир ыкмасы болуп саналат, башкача айтканда, бул айыл чарбасын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү максаттарынын бүтүндөй комплексин ийгиликтүү ишке ашырууну камсыз кылууга тийиш.

Ушуга байланыштуу айыл чарбасын мамлекеттик колдоонун, мамилелердин ушул чөйрөсүндөгү мамлекеттик бийликтин, мамлекеттик жана аймактык органдарынын өз ара аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу

колдонуудагы ченемдерди талдоого алуу, айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алууну укуктук жөнгө салуунун негизги кемчиликтерин табуу жана аларды четтетүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу муктаждыгы жаралууда.

Ушундай изилдөөлөрдү жүргүзүү айыл чарбасын мамлекеттик колдоонун ар түрдүү чараларын иштеп чыгуунун, коомдук мамилелердин бул чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды туюнтуунун өктөм зарылдыгын теориялык жактан негиздөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, диссертациялык изилдөөнүн темасы өтө актуалдуу жана өз убагында деген корутунду чыгарууга болот.

## 2. Диссертациянын талаптарынын алкагындагы илимий жыйынтыктар

Каралып жаткан диссертациялык изилдөөлөрдүн алкагындагы илимий жыйынтыктар болуп юридикалык илимдин өнүгүшү үчүн мааниси зор болгон төмөндөгү жоболор эсептелет:

**1-натыйжа.** Изденип алуучу тарабынан айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алуу бул агрардык мамилелердин бир түрү болуп саналары негиздемеленет. Бул мамилелерди укуктук жөнгө салуу укуктун көрсөтүлгөн тармактарынын баардыгы менен ажырагыс тыгыз байланышта гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

**2-натыйжа.** Изденип алуучу тарабынан айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алуу бул, бюджеттик каражаттардын эсебинен, түздөн-түз айыл чарба товарларын өндүрүүчүлөргө акча каражаттарын чегерүү (тикелей субсидияларды, айрым компенсацияларды берүү) жардам көрсөтүүгө багытталган чаралардын жыйындысы экени негиздемеленет.

**3-натыйжа.** Изденип алуучу айыл чарбасын мамлекеттик колдоону укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу максаттарында, айыл чарба (агро-азык-түлүк) товарларын өндүрүүчү түшүнүгүн тактоонун зарылдыгы жөнүндө сунуш негиздемеленет жана «айыл чарба (агро-азык-түлүк) товарларын өндүрүүчү» түшүнүгүнүн автордук аныктамасы сунуш кылынган.

**4-натыйжа.** Айыл чарбасын мамлекеттик колдоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларда теримнологиялык биримдиктин жоктугуна байланышуу, автор тарабынан мамлекеттик колдоонун багыттары дегенде мамлекеттик иштин дайындуу чөйрөлөрүн – насыялоону, түшүмдү камсыздандырууну, ж. б, ал эми чаралар дегенде – бюджеттик каражаттарды

берүүнүн дайындуу тариздерин, алып айтканда субсидияларды, компенсацияларды төлөөнү түшүнүү сунуш кылынат.

**5-натыйжа.** Изденип алуучу тарабынан жалпы концептуалдык планда алганда айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алуу чараларынын тутумунда, өз ара байланыштагы эки: ички жана тышкы өңүттү бөлүп ажырымдоо сунуш кылынган.

**6-натыйжа.** Айыл чарбасын мамлекеттик колдоону укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү жана анын натыйжалуулугун арттыруу максатында, изденип алуучу колдоонун төмөнкүдөй негизги принциптерин: кепилдүүлүк, ырааттуу улануучулук, туруктуулук, чарба жүргүзүүнүн бардык тариздерин колдоо принциптерин мыйзамдык жактан бекемдөөнү сунуш кылынган.

3. **Изденип алуучунун диссертацияда туюнтмаланган ар бир илимий натыйжасынын (илимий жоболорунун), тыянактарынын жана корутундуларынын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Диссертациялык иште түзүлгөн тыянактар, жыйынтыктар жана корутундулар, негиздүү жана анык, ал изилдөө үчүн колдонулган заманбап методологиялык аппарат менен аныкталат.

**1-натыйжа.** Натыйжалар негиздүү жана ишенимдүү, анткени алар ченемдик укуктук актыларды жана укуктун ар кыл тармактарынын (агрардык, жарандык, жер, эмгек, финансылык, бюджеттик, салык, административдик укуктар) көз карашынан айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чөйрөсүндөгү бир катар теориялык иштеп чыгууларды терең талдоого негиздемеленген.

**2-натыйжа.** Кыргыз Республикасында ушул сектордун өнүкпөгөндүгүн мүнөздөөчү, агрардык секторду мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндөгү бир катар көйгөйлөрдү табуу менен негиздемеленген. Ишенимдүү, анткени өлкөдөгү айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чөйрөсүндөгү тажырыйбаны жана мыйзамдарды терең талдоого негизделген.

**3-натыйжа.** Негиздүү, анткени изденип алуучу, өлкөдө айыл чарбасын мамлекеттик колдоонун бир катар чараларынын натыйжасыздыгы, түшүнүктөр аппаратынын, алып айтканда, «айыл чарба (агро-азык-түлүк) товар өндүрүүчүсү» түшүнүгүнүн өркүндөтүлбөгөндүгү менен байланыштуу экени жөнүндө тыянакка келет. Ишенимдүү, анткени айыл чарбасы чөйрөсүндөгү атайын мыйзамдын ушул сектордун өнүгүүсүнө тийгизген жөндөөчү таасирин талдоого алуу менен ырасталат.

**4-натыйжа.** Кыргыз Республикасында айыл чарбасын колдоонун түшүнүктөр аппаратын, алып айтканда, «айыл чарбасын мамлекеттик колдоо багыттары», «айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чаралары» түшүнүктөрүн мыйзамдык жактан бекемдөөнүн зарылдыгы менен негиздемеленент. Ишенимдүү, анткени өлкөдө айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жана анын укуктук колдонулушун терең талдоого негизделген.

**5-натыйжа.** Кыргыз Республикасында айыл чарбасын мамлекеттик колдоого багытталган чаралардын таасир этүү чөйрөлөрүн аныктоонун зарылдыгы менен негиздемеленген. Ишенимдүү, анткени мамлекеттик колдоо чараларын өлкөнүн ички жана тышкы максаттарынын жана талаптарынын көз карашынан талдоо жүргүзүлгөн.

**6-натыйжа.** Өлкөдө айыл чарбасына мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн бир катар принциптерин мыйзамдык жактан бекемдөөнүн зарылдыгы жөнүндө сунуштама менен негиздемеленген. Ишенимдүү, анткени өлкөдө айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жана анын укуктук колдонулушун терең талдоого негизделген.

4. **Изденип алуучунун диссертацияда туюнтмаланган ар бир илимий натыйжасынын (илимий жоболорунун), тыянактарынын жана корутундуларынын жаңычылдык деңгээли.**

**1-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, себеби ушул маалга чейин укуктун ар түрдүү тармактарында айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чөйрөсүн кароо аракеттери болгон.

**2-натыйжа.** Жаңы, себеби Кыргыз Республикасы башынан өткөргөн узак жылдардын ичинде, биринчи жолу өлкөдө айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чөйрөсүн укуктук изилдөө жүргүзүлүүдө.

**3-натыйжа.** Жаңы, себеби Кыргыз Республикасында «айыл чарба (агро-азык-түлүк) товар өндүрүүчүсү» түшүнүгүнүн автордук аныктамасы биринчи жолу сунуш кылынган.

**4-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, себеби Кыргыз Республикасында айыл чарбасын мамлекеттик колдоонун багыттарын жана чараларын изилдөө мурун дагы жалпы укук илиминде аракеттери болуп келген.

**5-натыйжа.** Жаңы, себеби Евразия экономикалык бирлигине кирүүнүн шарттарында айыл чарбасын мамлекеттик колдоо чараларын талдоо жүргүзүлгөн эмес.

**6-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, себеби айыл чарбасына мамлекеттик колдоо көрсөтүү принциптерин мыйзамдык жактан бекемдөө менен байланышкан маселелерди мурун да башка изилдөөчүлөр өздөрүнүн иштеринде козгошкон.

**5. Теория жана практика үчүн илимий натыйжалардын мааниси, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын пайдалануу тууралуу сунуштамалар**

Бул диссертациялык ишти жаңы илимий жетишкендик жана андан ары Кыргыз Республикасында айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алууну укуктук жөнгө салуу боюнча билимди тереңдетүү жагынан көмөк көрсөтүү катары мүнөздөөгө болот.

Практикалык маанилүүлүгү Кыргыз Республикасында айыл чарбасын мамлекеттик колдоону укуктук жөнгө салуунун механизмдеринин иштелип чыгылгандыгында жана негизделгендигинде турат.

Илимий изилдөөнүн натыйжалары мамлекеттик мекемелер тарабынан мамлекеттик программаларды жана башка стратегиялык документтерди иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн. Теориялык тыянактар, методикалар жана инструментарийлер билим берүү тутумунда мамлекеттик кызматчыларды даярдоо жана кайра даярдоо үчүн колдонууга сунушталат.

**6. Авторефераттын диссератциянын мазмунуна шайкештиги**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келген, анын негизги жоболорун, жыйынтыктарын жана натыйжаларын так чагылдырат ошондой эле логикасы, ырааттуулугу изилденүүчүнүн жүргүзгөн талдоолору аткарылган маселелери Кыргыз Республикасынын ЖАК толук талаптарына ылайык келет. Бул диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган негизги максаттарды, милдеттерди жана тыянактарды камтыйт. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюмелерди камтыйт. Автореферattын жана жарыялоонун мазмуну диссертациянын мазмунуна ылайык келет.

7. **Диссертациянын мазмуну жана жол-жоболонуусу боюнча кемчиликтер.**

Шыгаев Арсен Асановичтин диссертациялык ишин оң жагынан баалоо менен кээ бир кемчиликтерди жана талаш учурларды көрсөтүү керек:

1. Айыл чарбасын мамлекеттик колдоо боюнча мыйзамдардын өнүгүшү тууралуу башка мамлекеттердин, мисалы, Россия, Казакстан, Өзбекстан ж. б. мыйзамдары менен салыштырмалуу талдоону кыйла кеңири жүргүзүү зарыл болчу.
2. Бир катар татаал проблемалардын кеңири чөйрөсүн камтууга, автордун умтулуусу айрым маанилүү маселелердин үстүртөн талдоосуна алып келген. Мисалы: айыл чарбасынын мамлекеттик колдоонун субъекттери жетишсиз чагылдырылган.
3. Диссертациялык иште мамлекеттик колдоо чараларынын түрлөрү жана классификациясынын көйгөйлөрү жетишсиз чагылдырылган.

Ошол эле убакта айтылган бул сын-пикирлер диссертациялык изилдөөнүн баалуулугун кемитпейт, жана жалпысынан аткарылган диссертациялык изилдөөнүн деңгээлине таасирин тийгизбейт.

Жалпысынан жумуштун деңгээлине баа берүү жогору бойдон калууда жана айтылган сын-пикирлер авторго каалоолор болуп саналат, андан ары изилдөө иштерин жүргүзүүгө.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана тыянактарынын жарыялангандыгынын бышыктамасы:**

Диссертациялык изилдөөнүн темасы боюнча автор тарабынан төмөнкү илимий макалалар жарыяланган:

1. Шыгаев, А.А. Теоретические аспекты государственной поддержки сельского хозяйства [Текст] / А.А. Шыгаев // Вестник КГЮА. - 2016. - № 4. – С. 122–125.

2. Шыгаев, А.А. Правовые основы государственной поддержки сельского хозяйства в Кыргызской Республике [Текст] / А.А. Шыгаев // Вестник КГЮА. - 2016. - № 4. – С. 126–130.

3. Шыгаев, А.А. Развитие законодательства Кыргызской Республики по государственной поддержке сельского хозяйства [Текст] / А.А. Шыгаев // Modern science. - 2018. - № 1. – С. 64–67.

4. Шыгаев, А.А. Меры государственной поддержки сельского хозяйства в Кыргызской Республике [Текст] / А.А. Шыгаев // Modern science. - 2018. - № 1. – С. 67–71.

5. Шыгаев, А.А. Зарубежный опыт правового регулирования государственной поддержки сельского хозяйства [Текст] / А.А. Шыгаев // Вестник КГЮА. - 2018. - № 2. – С. 374–379.

6. Шыгаев, А.А. Опыт стран СНГ правового регулирования государственной поддержки сельского хозяйства [Текст] / А.А. Шыгаев // Modern science. - 2018. - № 6. – С. 62–65.

7. Шыгаев, А.А. Текущее состояние агропромышленного комплекса Кыргызской Республики [Текст] / А.А. Шыгаев // Modern science. - 2018. - № 6. – С. 65–67.

8. Шыгаев, А.А. Льготы и субсидии как разновидность договорных форм государственной поддержки сельского хозяйства в Кыргызской Республике [Текст] / А.А. Шыгаев // Вестник КГЮА. - 2019. - № 2. – С. 209–212.

**9. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу жөнүндө» Жобого ылайыктуулугу**

Жыйынтыгында белгилей кетчү нерсе, Шыгаев Арсен Асановичтин «Кыргыз Республикасында айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алууну укуктук жөнгө салуу» деген темадагы диссертациялык иши, жогорку илимий - теориялык деңгээлде аткарылган, көптөгөн практикалык баалуулуктарды, зарыл болгон илимий жаңычылдык элементтерди, бир катар негиздүү жана логикалык жактан текшерилген теориялык тыянактарды жана практикалык сунуштарды камтыйт, жактырууга жана колдоого татыктуу.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Шыгаев Арсен Асановичтин «Кыргыз Республикасында айыл чарбасын мамлекеттик колдоого алууну укуктук жөнгө салуу» деген темадагы диссертациялык иши жогорку илимий деңгээлде аткарылган жана 2012 жылдын, 22-августунан №578 «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун» талаптарына шайкеш келет, ал эми анын автору жаратылыш-ресурс укугу; агрардык укук; экологиялык укук; – 12.00.06. адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

Пикир Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн отурумунда талкууланды жана жактырылды (Протоколдун №18, «14» 10 2019-ж.).

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 307 от «18» 10 2019 г.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук илимдер академиясынын**
**А. Алтмышбаев атындагы**
**философия, укук жана социалдык-саясий**
**изилдөөлөр институтунун**
**укук бөлүмү башчысы, ю.и.д.** **Токтогулов А.А.**